| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>БАЙЗАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЙЗАКСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезексиз VII-сессиясы**

2023-жылдын 28-декабры № 7/4

**Байзак айыл аймагындагы « Таза Кайырма» муниципалдык ишкананын техникалык базасын чыңдоо үчүн «Айыл Банк» ААК нан лизингге эксковатор жана цемент аралаштыргыч (миксер) алуу жөнүндө**

Байзак айыл аймагындагы « Таза Кайырма» муниципалдык ишкананын техникалык базасын чыңдоо үчүн «Айыл Банк» ААК нан лизингге эксковатор жана цемент чылагыч алуу (миксер) алуу боюнча Айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Байзак айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Байзак айыл аймагынын Муниципалдык ишкана үчүн Айылдык кеңештин 30-ноябрь 2023-жылдагы №6/1 токтомунда белгиленген 10 000 000 (он миллион) сомдун 8 800 000 (сегиз миллион сегиз жүз миң) сому лизингге алына турган «Hyundai» үлгүсүндөгү эксковатору баасы 12 150 000( Он эки миллион бир жүз элүү миң) сом жана өзү жүктөп цемент чылагыч «AIMAX AS» үлгүсүндөгү аралаштыргыч баасы 38000 (Отуз сегиз миң ) $ долларлык техникалардын өздүк салымына ал эми 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сому техникаларды камсыздандыруу жана каттоо иштерин жүргүзүүгө чыгымдоолорго бекитилип берилсин.
2. Жогорудагы аталган техникалардын төлөө мөөнөтү төлөмүнүн жылдык пайызы 17% болуп 6 (алты) жыл жана ар жылдык кредиттик төлөм жүргүзүү алынган техникалардын кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшкөн каражат аркылуу ишке ашырыла тургандагы муниципалдык ишканага жүктөлгөндүгү белгиленсин. (кызмат көрсөтүү тарифинин таблицасы тиркелет)
3. Алынып келинүүчү техникалар айыл айыл аймагындагы «Таза Кайырма» муниципалдык ишкансынын карамагына берилүүсү менен жаңы техникалардын ар жылдык кирешеси жана чыгашалары боюнча бухгалтериялык эсеп кысап жүргүзүү жагы муниципалдык ишкананын уставында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлсүн.
4. Алынып келинген техникаларды кабыл алуу жана аларды каттоодон өткөрүү боюнча иш алып баруу Байзак айыл өкмөтү менен «Таза Кайырма» муниципалдык ишканасына жүктөлсүн.
5. Ушул токтом bayzak.gov.kg сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн. Каттоодон өткөрүү Байзак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Кадырбаев Русланбек Жумагуловичке милдеттендирилсин.

1. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Байзак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.К.Женалиевге милдеттендирилсин.

**Байзак айыл аймагынын**
**айылдык кенешинин төрагасы:** **А.К.Ажыгулов**